Айдыңы арткан – «Алтынкен»

# «Алтынкен» компаниясы 2024-жыл балдарга ден соолуктун жылы болушун каалады

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,**
**"Кыргыз Туусу"**

**Кемин районунун Орловка шаарында жайгашкан «Алтынкен» компаниясы ар бир майрамда, өзгөчө жаңы жыл алдында Кемин районунун балдарын ар дайым куттуктап, майрам алдында жакшы маанай тартуулап, жаш досторду куттуктоо салтка айланган.**


«Алтынкен» компаниясы менен Кемин районунун акими Алайбек Жумаев райондогу мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды куттуктоо иш-чарасында

Бул жолу ишкананын өкүлдөрү Орловка шаарында жайгашкан «Нурмеис» балдар үйүнүн кечесинде болушту.

Балдар үйүнүн жетекчилиги жана тарбиялануучулары тарабынан уюштурулган жаңы жылдык оюн-зоок, ыр-бийлер менен коштолгон кече өтө шаңдуу өттү. Кеченин аягында балдарга жаңы жылдык белектер берилди.


«Алтынкен» компаниясынан берилген таттуу белектер баарына жагып, ал үчүн балдар үйүнүн директору Г.Кирибаева жана балдардын өздөрү компаниянын жетекчилигине чоң ыраазычылыктарын билдиришти.

Ушул эле күнү Кемин районунун мамлекеттик администрациясы Кемин районунун маданият үйүндө мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн жаңы жылдык иш-чара уюштурду.

Өзгөчө балдар жана алардын ата-энелери отурган зал жомок каармандарынын, аяз ата менен аяз кыздын оюнун кызыгуу менен көрүштү. Көрүүчүлөрдүн балдары сынактарга активдүү катышып, жаңы жылдык темадагы ырларды окуп беришти.

Жаңы жылдык түстүү оюн-зоок "Алтынкен" компаниясынын белектерин таратуу менен аяктады. Бул күнү өзгөчө балдардын жана алардын ата-энелеринин кубанычтуу жүздөрү эртеңки кечен уюштуруучуларын кубандырды. Анткени, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үйлөрүнөн сейрек чыгып, маданий иш-чараларга азыраак барышат.

"Алтынкен" компаниясынын жетекчилиги жаңы 2024-жыл бардык балдарга ден соолук жана бакыт алып келишин каалады.


«Алтынкен» компаниясы балдар менен...



Орловка шаарында жайгашкан "Нурмеис" балдар үйүндө


«Алтынкен» компаниясы балдарга белектерин таратууда


«Алтынкен» компаниясынан белек алган балдардын маанайы өтө жакшы


Ата-энелери менен келген мүмкүнчүлүгү чектелген балдар концерт көрүп, белек алышууда